САПАТТУУ БИЛИМ

«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

**270301 "Архитектура",**
**270103 "Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо",**
**270208 "Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо" адистиктерин**
**Сырткы баалоонун жыйынтыктары менен**

# КОРУТУНДУСУ

**(колледж)**

**Отчеттун акыркы редакциясын алуу күнү 07.10.24.**

**Сырткы баалоо жүргүзүү күнү**
**10-11-октябрь 2024-ж.**

**Ош, 2024 -ж.**

**1. КИРИШҮҮ**

***1.1 Эксперттик топ жөнүндо маалымат ("Сапаттуу Билим" билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин буйругу № 57-09/24 04-сентябрь, 2024-ж.)***

**1) Эксперттик топтун төрагасы**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| **1** | Аты- жөнү | Төрөбеков Бекжан Төрөбекович |
| **2** | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | КМТУнин "ОПУТ" кафедрасынын профессору |
| **3** | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | Киевдеги автомобиль-жол институту, Автомобилдер жана автомобилдер чарбасы, т.и.д., профессор. |
| **4** | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**2) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| **1** | Аты-жөнү | Калимолдаев Максат Нурадилович |
| **2** | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Казакстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Илим комитетинин "Маалыматтык жана эсептөө технологиялары институту" РМКнын башкы директорунун кеңешчиси |
| **3** | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | Жогорку, М.С. Киров атындагы КМУ, Математика адистиги, Казакстан Республикасынын УИА академиги, физ.-м.и.д., профессор. |
| **4** | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**3) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| **1** | Аты-жөнү | Абдибалиев Эмилбек Абдыбаитович |
| **2** | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ОМПУнин окуу бөлүмүнүн башчысы |
| **3** | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУ, Кыргыз тили жана адабияты адистиги, п.и.к. |
| **4** | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**4) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Карбекова Азиза Баймтовна |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ЖАМУнун алдындагы Экономика-юридикалык колледжинин директору, Экономика, эсеп жана каржы кафедрасынын профессору |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | КМУУ, «Чарбалык ишмердүүлүктү көзөмөлдөөнүн бухгалтердик эсеби», э.и.д., профессор |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**5) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Дыйканова Шекербубу Анарбековна |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Комиссиянын мүчөсү |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУнун тарых жана социалдык иш кафедрасынын доценти, т.и.к., доцент. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**6) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Жусупова Асилкан Эркебаевна |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Ош курулуш колледжинин окутуучусу, Кесиктик сабактар циклинин башчысы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшТУ, Өнөр жана жана атуулдук курулуш адистиги |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**7) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Алиев Медетбек Кочкорбаевич |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Табигый-техникалык факультетинин «Электроэнергетика жана механика» кафедрасынын окутуучусу |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшТУ, Электроэнергетикалык тармактар жана системалар, инженер-электрик |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**8) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Талайбек уулу Тариель |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ОшМУнун «Бизнес жана менеджмент» факультетинин «Менеджмент жана маркетинг» кафедрасынын башчысы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУ, Ишканаларда экономиканы башкаруу адистиги, э.и.к., доцент |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**9) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Эшбаев Абдилазиз Аматович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ЖАМУнун Жалал-Абад колледжинин Өзгөчө кырдаал. коргоо жана автоунааларды техникалык тейлөө жана ондоо ПЦ комиссиясынын төрагасы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | Ташкент элекротехникалык байланыш институту, электробайланыш инженери |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**10) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Сатаров Арзымат Эминович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ОшМУнун STEM инновациялык колледлжинин информациялык технологиялар бөлүмүнүн башчысы, ф.-м-и.к., доцент |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУ, Математика адистиги, ф.-м.и.к., доцент |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**11) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Ысманов Эмилбек Касымович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | “Кыргызстандын улуттук электр тармагы” ААК Ош электр тармактар ишканасынын директору |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшТУ, ЭАСХ, инженер-электрик |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | |
| 5 | Эксперттин колу | |

**12) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Шерболот уулу Нурадыл |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Студент |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУнун “Колдонмо информатика” багытынын ПИЭ(б)-1-21 гр.студенти |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | |
| 5 | Эксперттин колу | |

## 2. Окуу программасынын жалпы мүнөздөмөсү

**ОшТУнун Гуманитардык Технологиялык колледжинин кыскача тарыхы**

ОшТУнун Технологиялык колледжи 2004-жылдын февраль айында ОшТУнун окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун 2004-жылдын 22-апрелиндеги №09-04/140 буйругунун негизинде жогорку билим берүү базасынын астында орто кесиптик техникалык жана технологиялык багыттардагы адистиктер боюнча адистерди даярдоо үчүн ачылып, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын, ОшТУнун Уставынын жана Гуманитардык Технологиялык колледждин жобосунун негизинде окутуу программасын ишке ашырат.

**2019-жылдын 28-ноябрындагы ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйынын (№3,2019) "Технологиялык колледждин атын өзгөртүү" тууралуу чечимин бекиткен ректордун №09-04/311 2019.05.12. буйругу менен колледждин аты өзгөртүлүп, ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжи болуп аталган.**

Гуманитардык Технологиялык колледж ОшТУнун структуралык бөлүмү болуп эсептелет. Колледж бүгүнкү күндө кесиптик орто билим берүү программасынын гуманитардык, экономикалык, техникалык жана технологиялык багыттардагы адистиктери боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдап жаткан көп профилдүү окуу жай.

Технологиялык колледждин «Курулуш» кафедрасы 2016-жылдын 6- июнунда ОшТУнун Окумуштуулар Кенешинин чечиминин негизинде, ОшТУнун ректорунун № 09 – 04/171 буйругу менен түзүлгөн.

Окуу жайда илимдин кандидаттары жана жогорку тажрыйбалуу окутуучулар сабак беришет. Студенттер ОшТУнун материалдык-техникалык базасында, илимий-лабораторияларында, окуу залдарында билим алышат.

Гуманитардык-технологиялык колледжде адистиктер боюнча азыркы күндө жалпы 4638 студент, алардын 3085 студент күндүзгү окуу фомасында, 1553 студент сырттан окуу формасында билим алып жатат.

Гуманитардык-технологиялык колледжде жалпы 188 окутуучу профессордук курам, алардын ичинен 9 илимдин кандидаты эмгектенет.

Орто кесиптик билим берүү программалары: Архитектура-2016-жыл, Имараттарды куруу жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо-2014-жыл, Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо-2013-жылдан тарта студенттерди даярдап келүүдө.

270103 "Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо", 270208 "Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо" 270301 "Архитектура" окуу програмалары 26.11.2019 жылы ААОПО агентигине №VU190001260 сертивикат негизинде 5 жылдык мөөнөткө 26.11.2024 чейин өткөрүлгөн.

**270103** "Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо", **270208** "Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо" **СЭЗиС** адистигинин жана **СЭИС** адистигинин окуу планы

СЭЗиС адистиги 9 кл – 2-жыл 10 ай, 11- класс 1-жыл 10 ай

Жалпы 120 кредит окушат.

1. Базалык бөлүктө жалпы 18 кредит -15 кредит базалык, тандоо бөлүгү -3 кредит.
2. Математикалык жана табигый-илимий цикл 6- кредит – 4 кредит базалык бөлүк,тандоо бөлүгү-2 кредит
3. Кесиптик цикл 75 кредит- базалык бөлүк -38 кредит, тандоо бөлүгү -37 кредит
4. Практикаларга 15 кредит берилди. Ондуруштук практикага -8 кредит,7 кредит диплом алдындагы
5. МАК жана Дипломду даярдоо коргоого- 6 кредит

   **270301** "Архитектура", адистиги -9 класс -3-жыл 6-ай, 11- класс 2-жыл 6-ай

   Жалпы 150 кредит окушат.
6. Базалык бөлүктө жалпы 18 кредит -15 кредит базалык ,тандоо бөлүгү -3 кредит.

7. Математикалык жана табигый-илимий цикл 6- кредит – 4 кредит базалык бөлүк,тандоо бөлүгү-2 кредит
8. Кесиптик цикл 105 кредит- базалык бөлүк -53 кредит, тандоо бөлүгү -52 кредит
9. Практикаларга 15 кредит берилди. Ондуруштук практикага – 10 кредит,5 кредит диплом алдындагы
10. МАК жана Дипломду даярдоо коргоого- 6 кредит

Окутуу мамлекеттик жана орус тилдеринде жүргүзүлөт. Орто кесиптик билим берүү программалары боюнча 25 окутуучу эмгектенет. Алардын ичинен 2 техника илимдеринин кандидаты, 1 ОшТУнун доценти, 1 кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, 5 ага окутуучу, 7 магистр, 9 окутуучу.

Билим беруу программасын ишке ашырууда Москва инженердик курулуш институту МИСИ, Москва архитектура жана курулуш институтун МАСИ, Ташкент машина куруу институтун ТМКИ, Кыргыз республикасынын Т. Садыков атындагы улукттук сүрөт академиясы, Ош технологиялык университетин, Кыргыз-Өзбек эл аралык университетин бүтүргөн окутуучу профессордук курам эмгектенет.

Бүгүнкү күндө аккредитацияланып жаткан 270301 “Архитектура”, 270103 “Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо”, 270208 “Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо” адистиктеринде окуган студенттердин контингенти төмөнкүдөй:

| Адистиктин аталышы | Күндүзгү окуу бөлүмү | | | | | Сырттан окуу бөлүмү | | | | Бар-дыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 курс | 2-курс | 3-курс | 4-курс | жалпы | 1-курс | 2-курс | 3-курс | жалпы | |
| 270301 Архитектура | 136 | 78 | 45 | 46 | **305** | | | | | **305** |
| 270103 Имараттарды жана курулмаларды куруу жана ксплуатациялоо” | 77 | 49 | 30 | | **156** | 75 | 52 | 50 | 177 | **333** |
| 270208 Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо | 30 | 23 | 28 | | **81** | | | | | **81** |
| Жалпы | 243 | 150 | 103 | 46 | **542** | 75 | 52 | 50 | **177** | **719** |

Окуу жайыбызда кабыл алуу иш чаралары жакшы деңгээлинде уюштуруулган. Ошол себептүү гуманитардык технологиялык колледжинде **270301** “Архитектура”, **270103** “Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо”, **270208** “Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо” окуу программаларында кабыл алуу жакшы жүрүп жатат.

Кабыл алуу **270103** “Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо”, **270208** “Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо” программалары үчүн 9-класстын базасында күбөлүктүн жана 11-классты аяктагандар аттестаттын негизинде жүргүзүлөт. Окуу мөөнөтү 9-класстын базасында

- 2 жыл 10 ай, 1
- 11-класстын базасында 1 жыл 10 ай жана сырттан окуу болумундо 2 жыл 4 ай.

**270301** «Архитектура» адистиги боюнча

- 11-класстын базасында 2 жыл 6 ай;
- 9-класстын базасында 3 жыл 6 ай.

**Адистиктер боюнча 3 жылдык кабыл алуу боюнча маалымат**

| № | Адистиктин аталышы. | 2022-2023ж.ж | | 2023-2024ж.ж | | 2024-2025ж.ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Күнд | сырт | Күнд. | сырт | Күнд. | сырт |
| **Окуу программаларынын кабыл алуу боюнча 3 жылдык маалыматты** | | | | | | | |
| 1. | Архитектура | 50 | | 79 | | 136 | |
| 2. | Имараттарды жана курулмаларды куруу жана ксплуатациялоо (күндүзгү/сыртан окуу бөлүмү) | 50/30 | | 54 | 30 | 77 | 75 |
| 3. | Инженердик курулмаларды куруу жан эксплуатациялоо | 40 | | 27 | | 30 | |
| **Жалпы** | | **140** | **30** | **160** | **30** | **243** | **75** |

Бүтүрүүчү тайпанын студенттери окуу пландагы бардык жүктөмдөрдү аткаргандан кийин, Мамлекеттик аттестация б.а. “Кыргызстан тарыхы, кыргыз тили жана адабияты, кыргызстандын географиясы” жана дипломдук долбоорду коргоосун ийгиликтүү тапшырышса, бүтүрүүчүлөргө орто кесиптик билим берүү программасынын үлгүсүндө “техник” квалификациясы ыйгарылат.

**Акыркы 3 жылдагы бүтүрүүчүлөрү жөнүндө маалымат**

| № | Адистиктин аталышы. | 2021-2022ж.ж | | 2022-2023ж.ж | | 2023-2024ж.ж | | % көрсөт- |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | күнд | сыртан | күнд | сыртан | күнд | сыртан | |
| Бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуу боюнча маалымат | | | | | | | | |
| 1. | Архитектура | 29 | | 35 | | 47 | | 81 % |
| 2. | Имараттарды жана курулмаларды куруу жана ксплуатациялоо | 48 | 25 | 16 | 48 | 34 | 47 | 88% |
| 3. | Инженердик курулмаларды кур жана эксплуатациялоо | - | | 11 | | 30 | | 69% |
| | Жалпы | **77** | **25** | **62** | **48** | **111** | **47** | |

Окуу программаларын ишке ашырууда студенттер үчүн заманбап техникалар менен жабдылган окуу кааналары менен камсыз болгон. “Курулуш” ПЦБсынын материалдык-техникалык базасын визуалдуу текшерүү учурунда 2/009 каанасында “Курулуш материалдары жана буюмдары” аталышындагы сабагынын лабораториясы көрсөтүлгөн. Бул лабораторияда курулуш материалдарынын үлгүлөрү көрсөтүлгөн. Материалдардын касиеттерин (тыгыздыгын, бекемдигин) аныктайбыз.

2/012 каанасы “Техникалык механика” сабагына практикалык сабактарды өтүүгө түзүлгөн приборлор менен камтылган. Материалды чоюуда колдонулуучу каражат “Разрывная машина Р-5”, бетондун бышыктыгын аныктоо үчүн “Гидравлический пресс П-50, П-10”, толгоо моментин аныктоо үчүн “КМ-50-1” сыноочу машинасын колдонобуз. Материалдарын туруктуулугун аныктоо үчүн “Маятниковый копер МК-30 А” сокку прибору коюлган.

270301 “Архитектура”, 270103 “Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо”, 270208 “Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо” адистиктерин даярдоо колледждин миссиясы менен дал келип, жумушчу окуу планы КРнын ББжИМ тарабынан бекитилген Мамлекеттик стандарттын жана болжолдуу окуу планынын негизинде түзүлүп, ОшТУнун Усулдук кеңешинин жыйынында каралып, талкууланып жана ОшТУнун ректору тарабынан бекитилген.

Кафедранын негизги максаты, архитектура жана курулуш багытындагы атайын орто адистерди даярдап чыгаруу жана квалификациялуу адистер менен камсыздоо болуп саналат. Ал үчүн кафедра, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн, студенттерге

жогорку деңгээлде билим берүүдө окуу аудиторияларды, лабораториялардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо менен, окуу процессине керектүү болгон заманбап каражаттар, көргөзмө куралдар менен камсыз кылууда. Адистик боюнча билим берүү программасын ишке ашырууда кафедранын максаттары ОшТУнун жана ГТКнын мисиясы менен дал келген жана КРнын ББжИМнин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына туура келет.

Адистиктер боюнча НКББПнын ОКББ чөйрөсүндөгү окутуунун максаттары:

- Студенттерге эмгек рыногунда социалдык мобилдүүлүктү жана туруктуулукту камсыз кылуучу жалпы жана профессионалдуу компетенцияларга ээ боло тургандай шарттарды түзүү;
- Тандалган ишмердүүлүк тармагында ийгиликтүү иштей алган,гармоникалуу, ынгайлуу жана коопсуз чөйрөнү жана анын компоненттерин долбоорлой алган орто кесиптик билимдүү адисти даярдоо.

Адистиктер боюнча НКББПнын ОКББ чөйрөсүндөгү тарбия берүүнүн максаттары:

- студенттин инсандык сапаттарын калыптандыруу: максатка умтулуучулук, уюштуруучулук, эмгекти сүйүү, жоопкерчилик, граждандуулук, патриоттуулук, коммуникативдүүлүк, сабырдуулук (толеранттуулук), жалпы маданиятын, жаны билимдерди жана көндүмдүктөрдү өз алдынча алуу жана колдонуу жөндөмдөрүн жогорулатуу.

Иш берүүчүлөрдөн алынган сурамжылоолордун жыйынтыгын жана педкеңештин чечимин эске алып, мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык программадан күтүлүүчү натыйжалар жана компетенциялар төмөнкү тартипте иштелип чыгылды.

Адистиктер боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүүнүн программасындагы (ОКБ, НКБП) окутуунун натыйжалары (ОН):

Окуу жай жөнүндөгү маалымат коомчулук үчүн төмөнкү шилтемеде:

https://oshtu.kg/2022/05/11/kafedra-ctroitelstvo/\

## 2.1. Сырткы баалоону баяндоо

Сырткы баалоо иш сапары 2024-жылдын 10-октябрынан 11-октябрына чейин М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин-ОшТУнун сырткы иш сапарынын программасын эске алуу менен өткөрүлдү. ОшТУнун ишмердүүлүгүн баалоо боюнча объективдүү маалымат алуу үчүн комиссиянын мүчөлөрү визуалдык текшерүү, байкоо жүргүзүү, ар кандай түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызматкерлеринен , окутуучулардан, студенттерден, иш берүүчүлөрдөн интерью алышты.

Сырткы эксперттик комиссиянын максаттуу топтору менен жолугушуулары визиттин көрсөтүлгөн программасына ылайык, белгиленген мөөнөттө өттү. Колледждин кызматкерлери иш сапарынын программасында көрсөтүлгөн бардык адамдардын катышуусун камсыз кылышты. Сырткы эксперттик комиссия тарабынан визуалдык текшерүүнүн жүрүшүндө окуу процессин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон материалдык – техникалык базанын жана социалдык инфраструктура объектеринин бар экендиги аныкталды, бул жалпысынан студенттердин керектөөлөрүнө жана билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу талаптарына жооп берет.

ОшТУнун материалдык-техникалык базасынын социалдык инфраструктурасынын он жактары болуп төмөнкүлөр саналат.

-заманбап жабдуулар менен офистердин болушу;

-кабыл алуу комиссиясы үчүн кабинеттин болушу;

-активдүү Enactus студенттик командасынын болушу;

-актовый залдардын болушу;

-конференц-зал болушу;

-квалификацияны жогорулатуу кабинети;

-окуу лабораторияларынын болушу;

-окуу процессинде жана практикалык изилдөөлөрду жүргүзүүдө окуу лабораторияларын активдүү пайдалануу;

-тиешелүү жабдуулары бар фельдшердик-акушердик пунктун болушу;

-заманбап программалык камсыздоо менен компьютердик класстардын болушу;

-заманбап ашкананын болушу;

-студенттердин окуу, өз алдынча жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн студенттерге жеткиликтүү заманбап китепкана(анын ичинде электрондук китепкана) фонддорунун болушу;

ОшТУда келишимдин негизинде ЖОЖдун студенттери окуу мезгилинде жашай турган жатакана бар. Университеттин студенттерине илимий жана чыгармачылык менен алектенүүгө мүмкүндүк берилет. Ошондой эле коомдук-маданий иш-чараларды уюштуруу, студенттердин чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү, КВН жана спорттук мелдештерди уюштуруу.

Илим жана кошумча билим берүү бөлүму илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, олимпиадаларды, студенттик конференцияларды өткөрүү, ошондой эле ОшТУнун дебаттык кыймылын өнүктүрүү жана парламенттик сессияларды уюштуруу менен алектенет.

ОшТУ шаардын экологиялык көйгөйлөрү менен алектенет, жашылдандыруу иштерине активдүү катышат, таштандыларды өзүнчө чогултууга көмөктөшкөн, сабактан тышкары убакта "Тазалык саатын" өткөргөн "Студенттик парламент" ыктыярдуу кыймылы бар.

Университетте билим берүүнүн сапатын камсыз кылуучу инструменттердин бири катары "Универ +" маалымат системасы киргизилген.

Студенттер үчүн ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары тууралуу маалымат университеттин сайтында, Instagram (https:oshtu.kg) социалдык тармагында жана Youtube, ОшТУнун сайтында (oshtu.kg) жүктөлгөн.

Сырткы эксперттик комиссия 7(жети) интервью өткөрдү. Иш сапардын программасына ылайык максаттуу топтор менен тышкы эксперттик комиссиянын жолугушуулары өткөрүлдү.

**"Студенттер менен интервью"**

Респонденттердин жалпы саны- 57

Студенттердин 91,2%ы предмет боюнча тапшырмаларды тынымсыз аткарууга макул болушса, 8,8% студенттер "макул эмес" деп жооп беришти.

91,2%ы предмет боюнча сабактарга кызыгышат, 8,8% предмет боюнча сабактарга катышууга кызыктар эмес деп жооп беришкен.

Сурамжылоого катышкан 100% студенттердин 28%ы сабактын графиги алардын муктаждыктарына жооп бербейт деп жооп беришкен.

Студенттердин 88%ы бул предмет боюнча бардык иш-чараларга катышууга оң жооп беришти.

Сурамжылоого катышкан студенттердин 96,5%ы мугалим сабакка өз убагында келерин айтышкан.

Студенттердин 98,2%ы мугалим өз сабактарында окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонот деп жооп беришкен.

Студенттердин 12,3%ы мугалим студенттин ишин баалоодо бир жактуу экенин айтышкан.

Студенттердин дээрлик 81%ы (80,7%) мугалимде маңыздуу жана визуалдык окуу материалдары бар деп макул болсо, 19,3%ы макул эмес.

Студенттердин 89,5% окутуучу окуу материалын жеңил жана жеткиликтүү баяндайт деген пикирге кошелса, 10,5%ы андай эмес деп эсептейт.

**“Окутуучулар менен интервью”**

Респонденттердин жалпы саны -51.

Сурамжылоога катышкан кызматкерлердин 54,4% университеттеги бардык иштөө шарттарына толук канааттанышат.

23,5%ти билим берүү программасын башкарууга катышуусуна,университетте потенциалды өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрдүн болушуна, коллективде канааттандырарлык психологиялык климаттын болушуна жана пайда болгон социалдык маселелерди чечүүгө канааттанышат.

Бардык кызматкерлердин 21,6% айлык акыга наараазы

Ал эми кызматкерлердин 14% университет жетекчилигинин ишмердүүлүгүнө канааттанбайт.

**Сабактарга катышуу:**

“Курулуш” ПЦБсынын сабактарына катышуу болуп өттү. Окуу жадыбалы боюнча ар бир сабактар үзгүлтүксүз өтүлүп жатты. Окутуучулар сабактын тартибин сактап, убакытты үнөмдүү пайдаланышып, сабактар жогорку деңгээлде студенттерге жеткирилди. Сабактар заманбап технологиянын жардамында өтүлдү. Окутуучулардын жумушчу программасы, окуу-методикалык комплекстери бекитилген. Студенттердин катышуусу да жакшы.

| Окутуучунун аты жөнү | Тайпа | Дисциплина | Аудитория |
|---|---|---|---|
| **Орто кесиптик билим берүү программасы** | | | |
| Эргешова Гуля Белековна | Арх-1-24(11), Арх-1-23(9), Арх-2-23(9) | Архитектуралык материал таануу. | 2/224 |
| Эргешов Эмил Сатимбекович | СЭЗиС -1-22(90 | Курулуш конструкциялары | 2/102 |

**1.** Окутуучу: Эргешова Гуля Белековна
Сабактын аталышы:Архитектуралык материал таануу.
Темасы: “Жаратылыш таштары. Тоо таштарын миниралдык түзүмү.
Убактысы: 11.10.2024ж. саат 13:20, 2/224 каана
Сабактын түрү: лекция
Тайпалар: Арх-1-24(11), Арх-1-23(9), Арх-2-23(9)
Студенттердин саны: 84 анын ичинен сабака катышкан студенттердин саны 74.
**2.** Окутуучу: Эргешов Эмилбек Сатимбекович.
Сабактын аталышы: “Курулуш конструкциялары”.
Темасы: “Болот колонналарды эсептөө” .
Убактысы: 11.10.2024ж. саат 11:50, 2/102 каана.
Сабактын түрү: Практика .
Тайпалар: СЭЗиС-1-22(9)
Студенттердин саны: 18 анын ичинен сабака катышкан студенттердин саны 15.

**“Ата-энелер менен интервью”**

Респонденттердин жалпы саны- 48. Сурамжылоога катышкан ата-энелердин 64,4%ы университеттин бардык шарттарына толук канааттанышат.

Сурамжылоого катышкан 100% ата-энелердин 22%ы сабактын графиги алардын муктаждыктарына жооп бербейт деп жооп беришкен.

Сурамжылоого катышкан ата-энелердин 96,5%ы кураторлордун ата-эне жана студенттер менен тыгыз байланышта экенин айтышты.

Ата-энелердин дээрлик 81%ы (80,7%) контракттык келишимдерге макул болсо, 19,3%ы макул эмес.

Сурамжылоого катышкан ата-энелердин 86,5%ы университет тарабынан контракттык келишимдерге жеңилдетүүлөрүнө макул экенин айтышты.

**“Бүтүрүүчүлөр менен интервью”**

Респонденттердин жалпы саны- 46. Алардын 65,21%ы акы менен толук ставкадагы жумуш менен камсыздалган, 6,5%ы толук эмес жумуш күнү менен камсыздалган, 4,3%ы магистратурада улантышкан.

“Билим берүү тармагында иштейсиңби?” деген суроого сурамжылоого катышкандардын 82,6%ы Ооба, калган 17,4% Жок деп жооп беришти.

Респонденттердин 82,6%ы уюмдарда жумуш менен камсыз болушса, анын 72%ы эмгек акысына канааттанышат. “Сиз өзүңүздүн билим берүү тармагын туура тандадым деп ойлойсузбу?” деген суроого бүтүрүүчүлөрдүн 87%ы “Ооба” деп жооп берсе, 13%ы гана тандоосуна наразы.

**“Иш берүүчүлөр менен анкета”**

Респонденттердин жалпы саны- 43. Сурамжылоога катышкан иш берүүчүлөрдүн 54,4%ы университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн алып жаткан билимдерине толук канааттанышат.

Сурамжылоого катышкан иш берүүчүлөрдүн 96,5%ы университет менен тыгыз байланышта экенин айтышты.

Сурамжылоого катышкан иш берүүчүлөрдүн 82,5%ы университетте өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикаларды өтөөгө иш каналар менен келишим түзүлгөнүн жана студенттер ишканаларга барып практика өтөп жатышканын айтышты.

91,2%ы өтүлүп жаткан сабактар өндүрүшкө дал келет, 8,8%ы коом талап кылып жаткан сабактарды да кошуу керек деп жооп беришкен.

Сурамжылоого катышкан иш берүүчүлөрдүн 85%ы университет ар жылы “Иш берүүчү, ата-эне, студент жана университет” аталышындагы чогулуштарды уюштураарын айтты.

**“ПЦБ башчылары менен интервью”**

ПЦБ башчылары менен маектештик-ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжинин өнүктүрүү планы жана колледждин окутуучуларын ар кандай эл аралык, республикалык долбоорлорго, иш-чараларга, көргөзмөлөргө, конференцияларга катышуусу жана каржылык колдоо тууралуу баарлашуу болду. Колледждин рейтингин жана программаларды жакшыртууда колледждин кызматкерлери үчүн академиялык эркиндик жана академиялык мобилдүүлүк принциптери, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, окуу жүктөмдөрү жана жекече пладары жана окуу материалдарынмамлекеттик тилде камсыз кылуу маселелери талкууланды.

**“Ректор, проректорлор, директор жана түзүмдүк бөлүмдүн жетекчилери менен интервью”**

Окуу иши башкаруу боюнча проректору, тышкы байланыштар жана өнүктүрүү боюнча проректору, илим жана инновациялар боюнча проректору жана мамлекеттик тил боюнча проректору университеттин стратегиялык максаттарын жана милдеттерин аныктоого мүмкүндүк берди. ОшТУда ишке ашырылып жаткан, атап айтканда, академиялык эркиндиктин жана академиялык мобилдүүлүк, окутуучудардын квалификациясын жогорулатуу, инфраструктураны жакшыртуу, инклюзивдик билим берүү, кызматкерлердин эмгек акысын жогорулатуу, илимдеги жетишкендиктери үчүн материалдык кызыктыруу менен сыйлоо, башка билим берүү уюмдары менен эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү ж.б.

Жетекчилик менен ОшТУнун планы, профессордук-окутуучулук курамынын республика ичиде жана чет өлкөлөрдө болуп өткөн ар кандай долбоорлорго, иш-чараларгаа, көргөзмөлөргө, конференцияларга катышуусу, кызматкерлердин олуттуу натыйжаларга жетишүүсүнө колдоо көрсөтүү жана рейтингин жогорулатуу тууралуу баарлашуу болду.

## 3. АНАЛИТИКАЛЫК БӨЛҮК

### 3.1. ЭКСПЕРТТИН СУНУШТАРЫ МЕНЕН АКЫРКЫ АНАЛИЗИ

**Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1.1. Билим берүү программасы билим берүү уюмунун миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келет. | аткарылат |
| 1.2. Окуу жүктөмдөр билим берүү стандарттарына дал келет. | аткарылды |
| 1.3.Билим берүүнүн сапатын камсыз кылууну ишке ашырууга билим берүү уюму жана кызыкдар тараптар катышат. | аткарылды |
| 1.4.Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашыруу үчүн жооптуу адамдар (кызматтар) болот. | аткарылды |
| 1.5. Билим берүү программасы инновациялык методдор менен жаңы технологияларды колдонуп сабак өтүшөт. | аткарылды |
| 1.6. Билим берүү уюму студенттердин ар кандай муктаждыктарын аныктап, кошумча билим бер | аткарылды |
| 1.7. Жыл сайын мониторинг жүргүзүлүп, билим берүү программасын анын актуалдуулугун камсыз кылып, илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин эске алып, сабактардын мазмунуна карап бааланат. | аткарылды |

**2-стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|
| 2.1. Билим берүү уюмунун миссиясы, билим берүү максаттары жана күтүлгөн окуу натыйжалары менен шайкеш келишин камсыздайт. | аткарылды |
| 2.2. Билим берүү программасынын натыйжалары менен студенттердин максаттарынын ортосундагы байланышка толугу менен дал келет. | аткарылды |
| 2.3. Билим берүү уюмунда мамлекеттик стандарттарга жооп берген билим берүү программасы боюнча окутуунун | аткарылды |

| | |
|---|---|
| натыйжалуулун объективдүү таанууну камсыздайт.<br>2.4. Бүтүрүүчүлөр окууну ийгиликтүү аяктагандан кийин мамлекеттик жана квалификациялык жыйынтыктоочу сынактарды тапшырышат, ошондой эле өз адистиги боюнча сынактардан ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөргө алардын адистик боюнча квалификациясын тастыктаган, анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын ырастаган баштапгыч кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет. | |

**3-стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|
| 1.1.Педагогикалык методдорду баалоо жана тууралоо үчүн жыл сайын студенттерден сурамжылоолору жана анкеталары жүргүзүлөт. | аткарылды |
| 1.2.Билим берүү уюму экзамендердин жана тестирлөөнүн ар кандай формаларын колдонуу менен окуунун натыйжаларын баалоодо ачыктыкты камсыз кылат. | аткарылды |
| 1.3.Бардык контролдуктун жы-йынтыктары чогулуштарда талкуу-ланып, окуучулардын окууну таштоо себептерин талдоо боюнча чаралар керулууде. | аткарылды |
| 1.4. Билим берүү уюму студенттердин ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алат жана академиялык мобилдүүлүгүн калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. | аткарылат |
| 1.5. Билим берүү программасы боюнча документтерди иштеп чыгууда, бүтүрүүчү студенттердин күтүүлөр, муктаждыктар жана канааттануулардын баалоо жыл сайын сурамжылоо түрүндө жүргүзүлөт. | аткарылды |
| 1.6. Студенттердин жекече жетишкендиктерин колдоо максатында, ОшТУда жыл сайын өткөрүлүүчү “Илим жана студент” аталышындагы илимий конференция, илимий | аткарылды |

| | |
|---|---|
| ийримдер, кесиптик сынактар өткөрүлөт. | |
| 3.7. Студенттердин арыздарына (даттанууларына) "Ишеним кутучасы" аркылуу жооп берүү жол-жоболору иштелип чыккан жана ишке киргизилген. | аткарылды |

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|
| 4.1. "Курулуш" ПЦБсынын профессордук-окутуучулар курамын жана окутуучу жана көмөкчү персоналды тандоону ачык жана объективдүү жүргүзөт жана конкурстун негизинде кабыл алынат. | аткарылды |
| 4.2. Профессордук жамаат билим берүүчү кесиптик тренингдерге, семинарларга жана башка иш-чараларга катышуу аркылуу өз квалификациясын жогорулатат. | аткарылды |
| 4.3.Окуу жайдын окутуучулары билим берүү программасына ылайык, мамлекеттик стандартынын негизинде окуу-методикалык комплекстерин даярдап, колледждин усулдук кеңеши менен макулдашып бекиттиришет. Тиешелүү болгон сабактардын окуу куралдарын жана окуу китептерин жазуунун үстүнөн иштешет. Ошондой эле студенттерге билим берүүдө, окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонуп окутуу колго алынган. Өздөрүнө бөлүнүп берилген сабактар боюнча окуу-усулдук көргөзмөлөрдү жана колдонмолорду даярдашат. | аткарылды |
| 4.4. "Курулуш" ПЦБсы тарабынан кураторлор көрсөтүлүп, колледждин тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, колледждин директору аркылуу дайындалат. Кураторлор, студенттер менен тыгыз байланышта болуп, алардын ата-энелери менен биргеликте тарбиялык иштерин жүргүзүшөт. Элктрондук группалар ачылат (вотсап, телеграмм). | аткарылды |
| 4.5. Окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык билим берүүдө, окутуучулар өз алдынча билимин өркүндөтүүдөн тышкары өз ара тажрыйба алмашуу иштери жүргүзүлүп турат. Окуу жыл ичинде адистештирилген | аткарылды |

| | |
|---|---|
| ишканалардын өкүлдөрүн тартуу менен окутуучуларга жана студенттерге семинар-тренингдер жана конок лекциялар өтүлүп турат. | |
| 4.6. "Кафедранын" ПЦБнын октуучулары Пасан уулу Асан, Эркали уулу Убайдулла, Тыныбек уулу Шайыр, Таалайбек уулу Азиз, Мамытов Байзак шаарыбыздын жеке жана мамлекеттик секторлордогу ишканаларында, эл аралык уюмдарда тажрыйба алышып, окутулуучу дисциплиналардын профилине жана даярдоо программасына ылайык практикадан өтүшкөн. Өз учурунда аталган окутуучулар алган тажрыйбаларын студенттерге сабак берүүдө колдонуп келүүдө, практикаларды өтүүдө студенттерге жакындан жардам беришүүдө. | аткарылды |

**Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|
| 5.1. Билим берүү программасы студенттердин окуу китептерин жана окуу куралдарын дайыма камсыз кылат, нормативдик талаптарга ылайык келет. | аткарылды |
| 5.2. Билим берүү окуу жайларда билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына эрежелер дал келет. Ар бир кабинетте, лабораторияларда тиешелүү инструктаждар, инвентардык китепчелер илинген, техникалык коопсуздук боюнча эскертмелер илинген. | аткарылды |
| 5.3. Билим берүү программасында негизинен окуу процессин толук камсыз кылуу жүргүзүү үчүн окуу куралдары жана окуу усулдук материалдар камсыздалган. | аткарылды |
| 5.4. Билим берүүдө колледжде окуу процессин камсыздоо үчүн керектүү болгон материалдык-техникалык база жетишерлик десек да болот жана алар заманбап материалдык-техникалык жабдыктар менен жабдылган. | аткарылды |
| 5.5.Билим берүү программасы студенттердин өз алдынча иштөөсүнө бардык шарттарды түзүп берген. Китепканада усулдук кабинет орун алган, | аткарылды |

| | |
|---|---|
| ал жерде семинар, конференция, тренингдерди өткөрүлүп турат. Колледждин студенттери эки жакта окугандыгына байланыштуу, ОшТУда окуганда университеттин китепканасынан, ал эми колледждин корпусунда окуганда анын китепканасынан пайдалангандай шарттар түзүлгөн. | |

**Стандарт 6. Маалымат жана коомчулукка жеткирүү.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|
| 6.1. Билим берүү уюму сапатты камсыздоонун ички тутумун жакшыртуу максатында жогорку жана орто кесиптик билим берүүдө өзүнүн «UNIVER+» маалыматтык системасын (ИС) иштеп чыккан,бүгүнкү күндө толугу менен пайдаланылат. UNIVER+ программалык комплекси жогорку жана орто атайын окуу жайларында окуу процессин башкарууну жана уюштурууну автоматташтыруу жана маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн ыңгайлуу. | аткарылды |
| 6.2. Аталган UNIVER+ программалык комплексин колдонуу студенттер жана билим берүү уюмунун кызматкерлери үчүн жеке логин, пароль аркылуу ишке ашырылат, б.а. ар бир студенттин жана окутуучунун жеке кабинетине кирүү үчүн персоналдык логин пароль берилет, ага жеке өзү гана кире алат.Эгер паролун өзгөртүүнү кааласа өзгөртүп алса да болот. | аткарылды |
| 6.3 Билим берүү уюму коомчулукка маалымат берүүдө өзүнүн сайты жана массалык маалымат каражаттарын пайдаланышат.Ар жыл сайын "Бош орундар" жарманкесин өткөрүшөт | аткарылды |
| 6.4. Билим берүү уюму билим берүү программасын камсыз кылууда жетекчилик, атайын предмет мугалимдери, иш берүүчүлөр жана кызыктар тараптар менен биргеликте эмгек рыногуна жараша план программаларын карап чыгышат, б.а. | аткарылды |

| | |
|---|---|
| кайтарым байланыш жылына бир жолу биргеликте талкуулоо механизми аркылуу жүргүзүлөт. | |
| 6.5. Иш берүүчүлөр, билим берүү программасынын натыйжалуулугуна, студенттер практикада жүргөн учурда мониторинг жүргүзө алат, ал эми бүтүрүүчүлөрдүн ишинин натыйжалуулугу жана сапаты жөнүндө алар ишке орношуп, иштеп жаткан учурда айта алышат . Ой-пикир, сунуштарды ОшТУнун карьера борборуна жеткиришет. | аткарылды |

**3.2. Билим берүү программаларынын Сапаттуу билимдин стандарттарына дал келиши боюнча анализ.**

**3.2.1 Программалык аккредитация үчүн SWOT-анализ**

| S(strenght)- күчтүү жактары ( жакшы жактары ) | W(weakness)- алсыз жактары ( начар жактары ) |
|---|---|
| Материалдык-техникалык базанын чыңдалышы;<br>• Архитектура жана курулуш кесиптерине жылдан-жылга талаптын жогорулашы жана контингенттин көбөйүшү;<br>• Студенттердин окуунун аягында диплом алып чыгышы;<br>• Иш берүүчүлөрдүн окуу программасынын мазмунун жакшыртууга болгон аракеттери;<br>• Жылда-жылга архитектура жана курулуш кесиптерине каалоочулардын көбөйүшү. | • Дуалдык окутуу боюнча мүмкүнчүлүктөрдүн аздыгы;<br>• Материалдык-техникалык базанын эскилиги. |
| O (Opportunities) – мүмкүнчүлүктөр ( билим берүү уюмун жакшыртууга түрткү боло турган сырткы күчтөр ) | T (Threats)– коркунучтар (уюмдун ишин артка тартуучу факторлор): |
| • Кыска мөөнөттүү курстарды көбөйтүү өздүк счетту көбөйтөт;<br>• Иш берүүчүлөр менен бош орундар жарманкесин өткөрүү;<br>Студенттердин жана окутуучулардын Кыргызстандын ичинде жана коншулаш мамлекеттердин окуу жайларына стажировкаларын каржылоо булактарын издөө. | • Студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүнө каражаттын аздыгы;<br>• Устаканалардын жоктугу студенттердин практикалык билимдерин төмөндөтөт ;<br>• Техниканын эскилиги жетип, иштен чыгуусу, сапаттуу билим берүүгө тоскоол болот; |

### 3.2.2. Программалык аккредитациянын стандарттарына дал келиши

**1-стандарт боюнча: Билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу саясаты (миссиясы, максаттары, өнүгүү стратегиясы) жана процедуралары.**

270301 "Архитектура", 270103 "Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо", 270208 "Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо" адистиктерин даярдоо колледждин миссиясы менен дал келип, жумушчу окуу планы КРнын ББжИМ тарабынан бекитилген Мамлекеттик стандарттын жана болжолдуу окуу планынын негизинде түзүлгөн.

Саясат жана процесстер үзгүлтүксүз өркүндөтүү циклин жакшыртууну түшүндүрүүчү жана билим берүү уюмунун отчеттуулугуна өбөлгө түзүүчү билим берүү уюмунун ырааттуу сапатын камсыз кылуу системасынын өзөгү болуп саналат. Мунун баары сапат маданиятын өнүктүрүүгө көмөктөшөт, мында бардык ички стейкхолдер билим берүүнүн сапаты үчүн жоопкерчиликтүү болушат жана окуу мекемесинин бардык деңгээлинде сапатты камсыздоо процесстерине катышышат. Бул процессте жардам көрсөтүү саясат расмий статуска ээ жана коомчулукка жеткиликтүү. Сапатты камсыздоо саясаты изилдөө, окутуу жана окутуу ортосундагы өз ара байланышты чагылдырып, билим берүү уюму иштеп жаткан улуттук контекстти, институттук контекстти жана анын стратегиялык мамилесин да эске алганда натыйжалуураак болот. Билим берүү программаларын үзгүлтүксүз мониторингинин, карап чыгуунун жана кайра кароонун натыйжалары программаларды үзгүлтүксүз өркүндөтүүгө алып келиши

Кафедранын негизги максаты, архитектура жана курулуш багытындагы атайын орто адистерди даярдап чыгаруу жана квалификациялуу адистер менен камсыздоо болуп саналат. Ал үчүн кафедра, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн, студенттерге жогорку деңгээлде билим берүүдө окуу аудиториялардын, лабораториялардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо менен, окуу процессине керектүү болгон заманбап каражаттар, көргөзмө куралдар менен камсыз кылууда. Адистик боюнча билим беруу программасын ишке ашырууда кафедранын максаттары ОшТУнун жана ГТКнын миссясы менен дал келген жана КРнын ББжИМнин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына туура келет.

Сабактардан сырткары кошумча билим берүү максатында ар кандай курстар жана кружоктор уюштурулган. Тилдерди үйрөнүү үчүн корей тил, кытай тил, америкалык-ресурстук борборунда тил үйрөнүү курстарына студенттер активдүү катышышат. Ошондой эле аккредитацияланып жаткан адистиктер боюнча "Архитектурное проектирование", "Макетирование", "Техмеханика", "Автокад программасын үйрөнүү" курстары, "Сметное дело" кружоктору уюштурулган.

Критерийлер боюнча анализ:

1-критерий толук дал келет.
2-критерий толук дал келет.
3- критерий толук дал келет.
4- критерий толук дал келет.
5- критерий толук дал келет
6-критерий толугу менен дал келет..

**Стандарттын күчтүү жагы** катары иш берүүчүлөрдүн окуу программасынын мазмунун жакшыртууга болгон аракеттерин көрүүгө болот.

**Сунуштар:**Адистик боюнча окуу китептеринин жыл мөөнөттөрүн жаңылоо.

**Чечим**: стандарт дал келет.

**2- стандарт боюнча: Негизги билим берүү программаларын бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо.**

Орто кесиптик билим берүү боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет, лицензиясы жана Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик же көз карандысыз аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына карабастан бардык билим берүү уюмдары тарабынан окуу, уюштуруу-усулдук документтерди иштеп чыгуу, кесиптик башталгыч билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо үчүн негиз болуп саналат.

Орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары төмөнкүлөр болуп саналат:

- орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу укугуна ээ болгон билим берүү уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- аталган кесип боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүргөн окуучулар;
- тийиштүү кесиптик ишмердүүлүктүн чөйрөсүндөгү иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана уюмдар;
- кесиптик башталгыч билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
- билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыздоочу жана кесиптик башталгыч билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитацияны жана сапатын контролдоону ишке ашырылган.

1-критерий толук дал келет.

2-критерий толук дал келет.

3- критерий толук дал келет.

4- критерий толук дал келет.

**Сунуш:** Окуу жайда мониторинг мезгил-мезгили менен кызматтык нускамага ылайык жүргүзүлөт. Бирок, ар бир жүргүзүлгөн иш боюнча анализ берилген эмес.

**Чечим**: стандарт дал келет.

**3-стандарт: Инсанга багытталган билим берүү жана студенттердин жетишкендигинин натыйжалуулугун баалоо.**

Инсанга багытталган окутуунун контекстинде, тартип - бул окуучулардын мугалимдин көрсөтмөлөрүн, ошондой эле, сабактагы жана жалпы окутуу процессиндеги жүрүм-турум эрежелерин сактоосу. Ошондуктан, бул түшүнүк окуучунун бир гана окуу жайдагы жүрүм-турум адаттарын эмес, колледжден тышкары дагы жүрүм-турум адаттарын камтыйт. Тартип – бул окуучунун өзүнүн окуу процессин уюштура билүүсү экендигин түшүндүрүү иштери тынымсыз алып барылат экенин байкадым.

Окуучулар өздөрү койгон максаттарына жетүү үчүн, активдүүрөк аракет кылышат, анткени алар өздөрүнүн окуу процессин өздөрү башкара алабыз деп ойлошот. Мындан сырткары максатка жетүү үчүн алардын жоопкерчилиги менен өз жөндөмдөрүнө болгон ишенимдери жогорулайт. Сабактын же кандайдыр бир тапшырманын максаттарын аныктоо учурунда эксплициттик (ачык, айкын) ыкманы колдонуу сунушталат, башкача айтканда, окуучуларга сабак учурунда алар кайсы жөндөмдөр менен көндүмдөрдү үйрөнөөрүн так түшүндүрүүрүп бере алышат.

1-критерий толугу менен дал келет.

2- критерий толугу менен дал келет.

3-критерий толугу менен дал келет.

4-критерий жарым-жартылай дал келет.
5- критерий толук дал келет.
6- критерий толук дал келет.

**Сунуш:** Окутуучулардын сабактарда колдонгон усулдарын окуучунун көзү менен мезгили менен баалоо сунушталат жана анализ толук жүргүзүлүүсү сунушталат.

. **Чечим:** Стандарт толугу менен дал келет.

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал.**

Педагогикалык кызматкерлердин билими окуу жайын бүтүргөнү жөнүндө документтери (диплом) бар жана текшерилди.

Билим берүү уюмдарын эң жакшы жана жакшы деңгээлде аякташкан.Кафедра курамы педагогикалык кызматкерлерге иштөө үчүн, толук шарттар каралган. ОшТУнун 2/116 каанасында жайгашкан. Орто кесиптик билим берүү программалары боюнча 25 окутуучу эмгектенет. Алардын ичинен 2 техника илимдеринин кандидаты, 1 ОшТУнун доценти, 1 кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, 5 ага окутуучу, 7 магистр, 9 окутуучу.

Окутуучулар Москва инженердик курулуш институту МИСИ, Москва архитектура жана курулуш институтун МАСИ, Ташкент машина куруу институтун ТМКИ, Кыргыз республикасынын Т. Садыков атындагы улукттук сүрөт академиясы, Ош технологиялык университетин, Кыргыз-Өзбек эл аралык университетин бүтүргөн окутуучу профессордук курам эмгектенет.

Педагогикалык иш стажын аныктоочу негизги документ эмгек китепчеси, алар кадрлар бөлүмүндө.

Эмгек китепчесиндеги алынган сыйлыктар менен алыштары ирети менен иш стажы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 25-июлундагы № 310 токтому менен бекитилген Пенсия чектөө үчүн эмгек стажыны ырастоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык аныкталат.

Билим берүү уюмдарында үстөк акыларды төлөө үчүн педагогикалык иш стажы жыл сайын курамына уюмдун жетекчиси, профсоюз уюмунун, билим берүү башкаруучу жогору турган органдын, кадрлар бөлүмүнүн жана педагогикалык жамааттын өкүлдөрү кирген педагогикалык стажды аныктоо боюнча комиссия тарабынан аныкталат.

1-критерий толугу менен дал келет.
2-критерий толугу менен дал келет.
3-критерий толугу менен дал келет.
4- критерий толугу менен дал келет..
5-критерий толугу менен дал келет.
6- критерий толугу менен дал келет.

**Сунуш:** Усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу жана басмаканадан чыгаруу күчөтүлсүн.

**Чечим**: стандарт толугу менен дал келет.

**Стандарт 5. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары.**

Окуу жайда студенттердин татыктуу билим алуусуна жана окуу программаларын ишке ашырууда студенттер үчүн заманбап техникалар менен жабдылган окуу кааналары менен камсыз болгон. “Курулуш” ПЦБсынын материалдык-техникалык базасын визуалдуу текшерүү учурунда 2/009 каанасында “Курулуш материалдары жана буюмдары” аталышындагы сабагынын лабораториясы көрсөтүлгөн. Бул лабораторияда курулуш материалдарынын үлгүлөрү көрсөтүлгөн. Материалдардын касиеттерин (тыгыздыгын,

бекемдигин) аныктайбыз.

2/012 каанасы "Техникалык механика" сабагына практикалык сабактарды өтүүгө түзүлгөн приборлор менен камтылган. Материалды чоюуда колдонулуучу каражат "Разрывная машина Р-5", бетондун бышыктыгын аныктоо үчүн "Гидравлический пресс П-50, П-10", толгоо моментин аныктоо үчүн "КМ-50-1" сыноочу машинасын колдонобуз. Материалдарын туруктуулугун аныктоо үчүн "Маятниковый копер МК-30 А" сокку прибору коюлган.

Студенттердин саны эске алганда материалдык-техникалык базаны кеңейтүү сунушталат.

1-критерий жарым жартылай дал келет.

2- критерий толугу менен дал келет.

3-критерий толугу менен дал келет.

4-критерий толугу менен дал келет

5-критерий толугу менен дал келет

✓ **Сунуш:** Студенттердин саны эске алганда материалдык-техникалык базаны кеңейтүү сунушталат

**Чечим**: стандарт толугу менен дал келет

**Стандарт 6: Маалыматты башкаруу жана коомчулук менен байланыш.**

Жалпы окуу жай жөнүндө маалымат өтө жакшы деңгээлде уюштурулган. Аны фейбук, инстаграм жана Жаштык телеканалы аркылуу көрүү болот. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү укугун жүзөгө ашырууну жана коргоону камсыз кылуу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иштеринде маалыматтардын толук ачыктыгына, маалымдуулугуна жана айкындыгына жетишүү колдонуу болуп саналат.

Веб-сайты, "Жаштык" теле берүүсү, жылына 2 жолу чыгуучу "Универсал" газетасы, андан башка "Ынтымак", "ОшТВ", "Ош Пирим" теле берүүлөрү аркылуу маалымдоо каражаттарын пайдаланат. Мындан башка "Бош орундар" жарманкеси, буклеттер, шаардын көчөлөрүндө илинген жарманкелер аркылуу таанылат. Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары жана берилүүчү квалификациялар боюнча туура жана сапаттуу маалыматты дайыма өз убагында түзүлгөн сайт аркылуу жарыялап турат.

Ош технологиялык университети өзүнүн «UNIVER+» маалыматтык системасын (ИС) иштеп чыгып, ишке киргизди. UNIVER+ программалык комплекси жогорку жана орто атайын окуу жайларында окуу процессин башкарууну жана уюштурууну автоматташтырүу жана маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн иштелип чыккан. Аны ишке ашыруу заманбап билим берүү мекемесинин алдында турган көйгөйлөрдү чечүүгө комплекстүү мамиле жасоого мүмкүндүк берет.

Коомчулук менен байланыш, маалымат мейкиндигинде студенттер үчүн чектөө жок. Коомчулук үчүн медиа проталдар, кызыктар тараптар үчүн онлайн конференциялар уюштуруу окуу жайдын адаттына айланган жана ачык айкын жүргүзүлөт.

1-критерий толугу менен дал келет.

2-критерий толугу менен дал келет.

4- критерий толугу менен дал келет..

5- критерий толугу менен дал келет.

**Чечим**: стандарт толугу менен аткарылат.

## 4. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН АККРЕДИТАЦИЯНЫН СТАНДАРТТАРЫНА ДАЛ КЕЛИШИ

| № пп | Стандарттар | Билим берүү прораммасын баалоо | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Толук дал келет (3 балл) | жарым-жартылай дал келет (2 балл) | дал келбейт (1 балл) |
| 1 | **1-стандарт: Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.** (7 критерий) | 15 | 4 | - |
| 2 | **2-стандарт: Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.** (4 критерий) | 12 | - | - |
| 3 | **3-стандарт: Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо.** (7 критерий) | 18 | 2 | - |
| 4 | **Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал.** (6 критерий) | 18 | - | - |
| 5 | **Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.** (5 критерий) | 15 | - | - |
| 6 | **Стандарт 6. Маалымат жана коомчулукка жеткирүү.** (5 критерий) | 15 | - | - |
| | **жыйынтыгы: критерий 34** | | | |
| | **жыйынтык баллдары** | **93** | | |

**Жыйынтыгы – 93 балл**

75 тен 95 баллга чейин – толук аккредитация 5 жылга
45тен -75 баллга чейин – шарттуу аккредитация 3 жылга
25тен 45 баллга чейин – шарттуу аккредитация 1 жылга
25 баллдан төмөн аккредитациядан өтпөйт.

## 5. КОРУТУНДУ

Эксперттик топ программалык аккредитацияда сырткы баалоонун негизинде:

1. 270301 "Архитектура", 270103 "Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо", 270208 "Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо" программаларынын билим берүү ишмердүүлүгү "Сапаттуу билим" эл аралык аккредитациялык Агенттигинин стандарттарына жооп берет деп тапты.
2. Аккредитациялык Кеңешке Ош технологиялык университеттин Гуманитардык технологялык колледжинин 270301 "Архитектура", 270103 "Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо", 270208 "Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо" программаларын толук аккредитациядан өткөрүүгө (5 жылга) сунуштайт.